КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**Окумуштуулар кеңешинде**
**каралып, бекитүүгө сунушталган**
**Протокол №1**
**“01” 09 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору, т.и.д., профессор**
**К.Ж.Усенов ________________**
**“____”_______________2025-ж.**

# НАСААТЧЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Жалал-Абад-2025**

## 1.ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.**Жобо Кыргыз Республикасынын 11.08.2023 жылдагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, ЖАМУнун "Университеттин атайын каражатынын эсебинен кызматкерлердин эмгек акысына кошумча үстөк төлөм киргизүү жана ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсүн аныктоо үчүн аттестациялоо жөнүндөгү" жобосуна, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун профессордук окутуучулук курамынын кызматкерлеринин жана студенттеринин этикалык кодексине ылайык жазылды

**1.2.** Насаатчылык – бул насаатчынын төмөнкүдөй топтордогу адистерге (мындан ары – «жаш адистерге») кесиптик өсүш жагынан ар тараптуу жардам жана колдоо көрсөтүү ишмердиги:

- педагогикалык билими болбогон жана болсо да, билим берүү мекемелеринде педагог катары иштеген эмгек тажырыйбасы топтоло элек,эмгек стажы 3 жылга жете элек жаш адистерге;
- окуу-тарбия процессинде кошумча жардамга муктаж болгон адистерге (окутуучуларга);
- мугалимдик кызматка которулган адистерге аткарган кызмат милдеттерине байланыштуу окутуу усулдары боюнча кесиптик иш билгиликтерин тереңдетүү талап кылынса;
- билим берүү мекемелеринде педагогикалык эмгек тажырыйбасы жок, педагогикалык эмес окуу жайларды бүтүргөндөргө,

Насаатчы – бул предмет жана окутуу усулу жаатында мыкты кесипкөй жана инсандык сапаттарга ээ болгон педагог.

**1.3.** Насаатчылык – жаш адистин педагогикалык ишмердиги үчүн зарыл иш билгиликтерин өнүктүрүү боюнча насаатчынын тутумдуу, жекече иш жүргүзүшү.

## II. НАСААТЧЫЛЫКТЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**2.1.** Насаатчылыктын максаты – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан жардам, көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар маселесинин чечүүгө өбөлгө түзүү.

**2.2.** Насаатчылыктын негизги милдеттери:

- Окуу жайдын маданиятына көнүктүрүү, окуу жайдын жамаатынын мыкты салттарын жана адеп ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү;
- жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды окуу жайдын талабына ыңгайлаштыруу;
- жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттерди өз алдынча, сапаттуу аткаруу жөндөмүн өнүктүрүү.

## III. НАСААТЧЫЛЫКТЫН УЮШТУРУУ НЕГИЗДЕРИ

**3.1.** Насаатчынын талапкерлиги окуу жайдын ичиндеги институттардын окумуштуулар кеңешинде кафедралардын сунушу менен каралып, колледждерде педагогикалык кеңешинин жыйындарында көрсөтүлүп, ПЦК башчылары менен макулдашылып, ЖАМУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

Насаатчыны бекитүү жөнүндө буйрук жаш адисти тийиштүү кызматка дайындоодон эки жуманын ичинде чыгарылат.

**3.2.** Насаатчылардын жетекчилик ишмердүүлүгүн текшерүүнү институттун директорлору колледж директорлору жүргүзүшөт.

**3.3.**Кафедра башчысы, ПЦК жетекчиси насаатчыны кесиптик даярдыгы жогорку, усулдук иш жагынан тажырыйбалуу, ошондой эле жети жылдан ашуун педагогикалык тажырыйбасы бар мугалимдердин ичинен сунуштайт.

Ар бир окутуучу бир убакта экиден ашпаган жаш адиске насаатчы боло алат.

**3.4.** Насаатчы анын өзү жана жаш адис макул болгон шартта дайындалат. Насаатчы жаш адиске үч жыл көз салат. Насаатчы жаш адистин акыбалын сурап өзу биринчи кадамды баштайт.

**3.5.** Насаатчы төмөнкүдөй учурларда ректордун буйругу менен алмаштырылат:

- насаатчы жумуштан бошотулганда;
- жаш адис же насаатчы башка ишке которулганда;
- насаатчы менен жаш адис психологиялык жактан сыйыша албай калганда;
- насаатчы тартип жоопкерчилигине тартылганда.

**3.6.** Насаатчынын ишинин ийгилиги жаш адистин кесиптик өсүшүнө жараша бааланат. Атайын түзүлгөн критерийлердин негизинде Университеттин атайын каражатынын эсебинен кызматкерлердин эмгек акысына кошумча үстөк төлөм киргизүү жана ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсүн аныктоо үчүн аттестациялоо жөнүндөгү" жобосунда көрсөтүлгөндөй насаатчыга тиешелүү балл берилет.

**3.7.** Ишинин ийгилиги үчүн насаатчы шыктандыруу тутумунун алкагында сыйланышы мүмкүн.

**3.8.** Насаатчылардын демилгеси боюнча Насаатчылар кеңеши түзүлүшү мүмкүн.

## IV. НАСААТЧЫНЫН МИЛДЕТТЕРИ

Насаатчынын төмөнкүдөй милдеттери бар:

- билим берүү жаатындагы мыйзамдардын жана жаш адистин ээлеген кызматына жараша укук-милдеттерин аныктоочу ченемдик-укуктук актылардын талаптарын билүү;
- жаш адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарын аныктап билүү;
- жыл сайын жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу; белгилүү мөөнөттө аткарылуучу конкреттүү тапшырмаларды берүү, аткарышына көзөмөл жүргүзүү, керектүү жардамдарды берүү;
- жаш адиске сабакты пландап өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын жана жолдорун өздөштүрүү жагынан көмөктөшүү, ишиндеги күчтүү жана начар жактарын аныктап талдоо жана кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө;
- жаш адиске окуу документтерине (жумушчу программа, окуу усулдук комплекс, жумушчу дептер, тарбиялык пландарды, окуучулардын өздүк иштерин, электрондук журналын толтуруу ж.б.) тиешелүү жазууларды жүргүзүүнү үйрөтүү;
- Жаш адисти илим изилдөөчүлүк ишке тартуу, макала жазуу, студенттердин илимий иштерине жетекчилик кылдыруу
- Окутуучуга коюлуучу негизги талаптар, ички эмгек тартибинин, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери менен тааныштыруу;
- жаш адистин ишине байланышкан маселелерди талкуулоого катышуу;
- түзүлгөн планга ылайык иш жүргүзүү, анын аткарылышы тууралуу кафедра, ПЦК жетекчисине өз убагында билдирип туруу.

## V. НАСААТЧЫНЫН УКУКТАРЫ

Насаатчынын төмөнкүдөй укуктары бар:

- сабактарды, тарбиялык иштерди байкап, талдоо;
- жаш адистен оозеки жана жазуу жүзүндөгү жүргүзгөн отчётторун талап кылуу;
- жаш адисти окутуп үйрөтүүгө жамааттагы башка окутуучуларды да катыштыруу;
- кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;
- жаш адис менен иштөөдөн баш тартуу;
- насаатчылык жаатында кесиптик чеберчилигин жогорулатуу.

## VI. ЖАШ АДИСТИН МИЛДЕТТЕРИ

Насаатчы менен бирге иштеген мезгилде жаш адистин төмөнкүдөй милдеттери болот:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө»,» мыйзамдарын,мамлекеттик билим берүү стандарттарын,жогорку,орто кесиптик билим берүү окутуучуларынын кесиптик стандарттарын, озү окуткан кесиптин билим берүүстандартын,негизги билим берүү программаларын, о.э. өз ишмердигин, окуу жайдын түзүмүн, иштөө өзгөчөлүктөрүн жана функционалдык милдеттерин аныктоочу ченем актыларын окуп-үйрөнүү;
- насаатчы менен иштешүү планын аткаруу;
- өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө үзгүлтүксүз иштөө;
- насаатчыдан жаңычыл усулдарды жана иштөө ыкмаларын үйрөнүү;жогорку,орто
- өзүнүн жалпы билим жана маданий деңгээлин өркүндөтүү;
- насаатчы менен бирге иштелип чыккан планга ылайык, өз ишмердиги жөнүндө отчёт берип туруу.

## VII. ЖАШ АДИСТИН УКУКТАРЫ

Жаш адистин төмөнкүдөй укуктары бар:

- насаатчыдан жардам алуу;
- өз ишин жакшыртуу боюнча сунуштарын мектеп жетекчилеринин кароосуна коюу;
- кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;
- өз ишине баа берген даттануулар жана башка документтер менен таанышып көрүү, алар боюнча түшүндүрмө берүү;
- өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- кесиптик адеп ченемдеринин бузулушуна байланыштуу өзүнүн таламдарын коргоо;
- насаатчы менен иштөөдөн баш тартуу.

## VIII. НАСААТЧЫНЫН ИШИН ЖЕТЕКТӨӨ

**8.1.** Окуу иштери боюнча проректордун,академиялык саясат департаментинин,институттардын,колледждердин директорлорунун,кафедра, ПЦК башчысынын төмөнкүдөй милдеттери бар:

- жаш адисти педагогикалык жамаатка тааныштыруу, ага насаатчынын бекитилгендиги жөнүндө буйрукту жарыялоо;
- жаш адистин насаатчы менен биргеликте иштеши үчүн зарыл шарттарды түзүү;
- жаш адис менен насаатчынын өткөргөн айрым сабактарына жана сабак боюнча методикалык,илимий,тарбиялык иш-чараларына катышуу;
- насаатчылардын жаш адис менен иштешүү планын түзүшүнө усулдук колдоо көрсөтүү жана практикалык жардам берүү;
- билим берүү уюмундагы насаатчылыкты уюштуруу боюнча алдыңкы тажрыйбаны иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу.

**8.2.** Окуу жайдагы усулдук кеңештин жетекчисинин төмөнкүдөй милдеттери бар:

- усулдук кеңештин отурумунда насаатчынын иш планын карап чыгуу;
- насаатчынын жаш адис менен иштешүүсүнө тутумдуу, ыраттуу колдоо көрсөтүп туруу;
- усулдук кеңештин отурумунда насаатчынын жана жаш адистин отчётун угуу, алардын тыянактарын жетекчиликке тааныштыруу.

## IX. НАСААТЧЫЛЫКТЫ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР

**9.1.** Насаатчылыкты жөнгө салуучу документтерге төмөнкүлөр кирет:

- насаатчылык жөнүндө жобо;
- насаатчыга жаш адис бекитилгендиги тууралуу ректордун буйругу;
- насаатчынын жаш адис менен иштешүү планы;
- насаатчы менен жаш адистин аткарган иши жөнүндө отчёттору;

- өз ара сабакка жана аудиториядан тышкаркы иштерге катышуу, аларды талдоо жана өзүн-өзү талдоо,рефлексия (ой жүгүртүү) дептерлери;
- насаатчылык маселелерин караган институттун кеңешинин,кафедранын, Насаатчылар кеңешинин (эгер бар болсо) отурумдарынын протоколдору
- Насаатчынын ишин баалоо критерийлери

.

**Насаатчы сабакка байкоо жүргүзгөндөгү болжолдуу параметрлер**

| № | Байкоо жүргүзүлүүчү параметрлер | Ооба | Жок | Бүдөмүк |
|---|---|---|---|---|
| 1. | ***<u>Пландаштыруу (сабактын планынын кыскача баяндамасы)</u>***<br>Сабактын максаты SMART- критерийлерине ылайык коюлгандыгы<br>Сабакты пландаштырууда угуучулардын топтук жана жекече керектөөлөрүнүн эске алынышы.<br>Сабакты пландаштырууда угуучулардын тажырыйбасына таянуу жана аны сабак учурунда пайдалануу. | | | |
| 2. | ***<u>Окутуунун мазмуну</u>***<br>Мазмунду тандоодо жана берүүдө угуучулардын муктаждыктарын эске алуу (даярдык деңгээлин, сабактын мазмунун ыңгайлаштыруу)<br>Окуу материалын билүү жана жеткиликтүү берүү<br>Илимий-педагогикалык терминдерди колдоно билүү<br>Педагогдун төмөнкү, ортоңку жана жогорку деңгээлдеги суроолорду колдонуусу<br>Педагогдун кошумча маалымат булактарын колдонуусу;<br>Сабактын мазмунунун практика менен байланышы | | | |
| 3. | ***<u>Окутуунун усулдарын жана ыкмаларын колдонуу</u>***<br>Сабакта бардык угуучулардын иш-аракетке тартылуусу<br>Сабакта угуучулардын кызматташуусун жана өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу<br>Угуучуларда өздөштүрүлүүчү материалды аңдап-түшүнүүгө жана ал боюнча ой толгоого (рефлексия) мүмкүнчүлүктөрүнүн болушу | | | |
| 4. | ***<u>Окутуу чөйрөсүн түзүү</u>***<br>Педагогдун аудиторияга текши көңүл буруусу<br>Сабактагы кырдаалдын жагымдуулугу<br>Кайтарым байланыштын оң маанилүүлүгү жана натыйжалуулугу (педагогдун угуучунун жумушуна карата комментарийлери) | | | |
| 5. | ***<u>Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу</u>***<br>Угуучулар менен ар кандай окуу иштеринин уюштуруу формаларын колдонуу (жекече, жуптарда, чакан топтордо иштөө, жалпы топтук иш). | | | |
| | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | ***<u>Ресурстарды колдонуу</u>***<br>Убакытты натыйжалуу пайдалануу;<br>Көрсөтмө материалдарын, окутуунун техникалык каражаттарын натыйжалуу колдонуу. | | | |
| 7. | ***<u>Угуучуларды баалоо</u>***<br>Сабакта угуучуларга баалоо критерийлери боюнча маалымат берүү;<br>Калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонуу.<br>Угуучулардын жетишкендиктерин алар менен бирдикте ачык баалоо, жарыялоо | | | |

Сабакка байкоо жүргүзүүдө кайсы параметрлерге көңүл бөлүнө тургандыгын аныктап алуу үчүн берилген тизмени педагог менен насаатчы бирге талкуулап чыгуулары керек. Параметрлерди биргелешип талкуулоо көйгөйлүү багыттарды аныктоого жана алардын үстүндө иштөөгө жардам берет. Тизмени биргелешип толуктап, сабакка байкоо жүргүзүүнүн максаттарына ылайык оңдоп-түздөсө да болот.

**Түзгөндөр:** Турдубаева Б.М. Мырзахметова А